Мектепте балдардын билим алуусуна жана мугалимдердин иш алып баруусуна шарт түзүү максатында мектептин материалдык базасын чыңдоо иштери жүргүзүлүп келет. Мектеп бир кабаттан турат.




Жалпы 10 класстык бөлмө бар:

- 1 компьютердик класс (8 компьютер, 1 интерактивдүү доска бар);
- 1 ашкана;
- 1 китепкана;
- 1 спорттук аянтча;

Мектептин шартына бекитилген медициналык кызматкер жок болгонуна байланыштуу окуучулардын жана педагогикалык курамдын ден соолугуна кам көрүү айылдык Үй бүлөлүк дарыгерлер тобунун медициналык кызматкерлери тарабынан камсыздалат. Мектептин корпустарына ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн пандус орнотулган.



КРнын илим, билим жана жаштар саясаты министрлигинин 2006-жылдын 27-июлундагы №492/1 КРнын жалпы билим берүү мектептериндеги 1-4-класстардын окуучулары үчүн тамактанууну уюштуруу тууралуу буйругун аткаруу максатында 2019-жылы окуучулар үчүн тамак ичүү бөлмөсү Жерге-Тал айылынын жалпы элинин жана мектепте иштеген жалпы жамаат, кызматкерлердин демөөрчүсүнүн негизинде уланып салынган. Мектептин ашканасына жаңы столдор, стулдар, шкафтар жана жаңы тамак бышыруучу жана нан бышыруучу мештер алынган.






Окуу канаалары жарык жана жылуу. Кышкысын от казаны менен жагылып, жылытылат. Окуу канаалары автордук канаа болуп, авторлордун демөөрчүлөрү менен заманга жараша жасалгаланган.


